Бекитемин
Мектеп директору: А.Бостонкулова

**Мугалимдердин профессионалдык этикасынын кодекси**

**Мугалимдин негизги этикасынын нормалары:**

1.Мугалим- зарыл кесиптик билимге жана тиешелүү квалификацияга ээ болууга тийиш.;

2.Мугалим өспүрүмдөргө билим, тарбия берүүдө ар- намыс менен адеп-ахлак нормаларын сактоого тийиш;

3.Ал өзүнө тиешелүү укуктарын жана милдеттерин так аткарып,кызматына жоопкерчилик менен мамиле кылышы керек;

4.Мугалим- тарбиялоонун гумандуу мүнөзүнө ээ болуп, адамзатка таандык моралдык принциптерди так аткарууга тийиш;

5.Мугалим окуучулар менен алака- катышта аларга акыл- эстүү талаптарды коюп, ошону менен катар сылык- сыпаа болуп, өзүн аяр кармай билиши зарыл;

6.Ар бир окуучунун, тарбиялануучунун жекече кыял- жоругун, индивидуалдуу өзгөчөлүгүн, жашоо- шартын эсепке алуу менен кылдат мамиле кылышы зарыл;

6.Окуучулардын дини,тили,жынысы,рассасы, майыптыгы,социалдык тегине карабастан бирдей мамиле кылууга тийиш;

7. Ал мээримдүү, камкор, жапакеч мамиледе,конфликтүү кырдаалдарда сезим ченемин сактап, сабырдуу болууга тийиш;

8.Мугалим өзү таза, тыкан, сүйлөгөн сөзү,сырткы келбети,кийген кийими,жүрүм- туруму маданияттуу болушу шарт;

10.Мугалим боорукер, сезимтал, адилет,чынчыл, патриот, инсандык даремети өнүккөн болууга зарыл;

## Мугалимдин окуучу менен мамилеси:

1. Мугалим өзүнүн педагогикалык ишмердигинде окуучулар менен болгон мамиледе ченем принциптерин туура сакташы тийиш;
2. Окуу- тарбия иштеринде балдарга ыгын таап,туура мамиле жасай билүүсү зарыл;
3. Балдардын психолгиясын терең билүүсү жана окуучуга жекече мамиле жасоого тийиш;
4. Түрдүү кырдаалдарда окуучунун көңүл маанайын, оюнун багытын кылдаттык менен баамдап,анын тилин таап, окуу процессине тартууга тийиш;
5. Мугалим окуучулар менен жакшы алака- катышта болуп,ошону менен катар сылык- сыпаа болуп, өзүн сабырдуу кармай билиши зарыл;
6. Окуучуга кыйкырбай,физикалык күч колдонуп, уруп- сокпой,аброюна шек келтирген сөздөрдү айтпай тарбиялоого тийиш;
7. Окуучуга ишеним көрсөтүү,ага мээримдүү мамиле жасоо, ошону менен талаптарды кое билүү керек.
8. Мугалим бой көтөрүп, өзүн бийик коюп, окуучуну басмырлаган мүнөздө болбоосуу тийиш;
9. Дайыма окуучуларга адеп- ахлак,ар намыс,адилеттүүлүк, адамкерчилик мүнөздө мамиле кылып, үлгүлүү жүрүш- турушта болууга тийиш;
10. Ар бир окуучуга кадыресе чоң адамдай мамиле кылуу керек.
11. Мугалимдин окуучуга мамилеси жасалма эмес чын жүрөктөн болуусу зарыл;
12. Ал класска киргенде дайыма жылмайып, шаңдуу маанайда болуусу керек, эгерде ооруп турса, окуучулардан кечирим сурап, түшүндүрүүсү тийиш;
13. Мугалимден ката кетирген учурда моюнга ала билүүсү зарыл;
14. Мугалим сабакка кечикпей келиши керек,эгерде өзү кечигип келип, окуучулардан кечигип келбөөсүн талап кылуусу туура эмес;

15. Мугалим окуучулардын өз атынан кайрылуусу керек, аларга ар кандай ат коюп,же орой түрдө чакырууга болбойт;

**Мугалимдин окуучунун ата- энеси менен мамилеси:**

1 Мугалим ата- энелер менен сылык мамиледе болуусу тийиш;

2. Мугалим ата- энеге дайым« сиз» деп кайрылуусу керек;

3. Ата- эне менен сүйлөшүүдө эмоцияга алдырбоосу зарыл;

4.Ата- энени баласынын көзүнчө же башка адамдардын көзүнчө сындабашы тийиш;

5. Баласынын кемчилигин көпчүлүктүн көзүнчө жарыялабоого тийиш;

6. Ата- энелердин динине,тилине, көз караштарына түшүнүп,токтоолук менен мамиле кылуусу зарыл;

7. Мугалим ата- энелерге өзүнүн жүрүм- туруму, сүйлөгөн сөзү,сырткы келбети,жасаган мамилеси менен үлгүлүү болуп туруусу абзел;

**Мугалимдин башка адамдар менен мамилеси:**

1. Мугалим коомдо башка адамдар менен сый мамиледе болууга тийиш;
2. Ден соолугугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга соо адамга жасаган мамиле жасаш керек;
3. Башка улуттун өкүлдөрүнүн динине, тилине карабастан бирдей тең укукта көрүү зарыл;
4. Коомдук жайларда өзүн маданияттуу алып жүрүүгө тийиш;
5. Ө зүнүн кызматтык абалынан пайдаланып,өзгөлөргө чоңсунуу, бой көтөрүү,басмырлоо мүнөздөрүнөн алыс болууга тийиш;
6. Башка адамдарга сылык- сыпаа,адамкерчилик,адилет мамиле кылуусу зарыл;

**Мугалимдердин бири- бирине болгон мамилеси**

1. Мугалимдер бири- бирин кадырлоо, сыйлоо принциптерин аткарышы зарыл;
2. Бири- бирине тыңсынуу,көр албастык кылуу, ушактоо, ж.б сапаттар болбоого тийиш;
3. Башка мугалимдин жеке жашоосуна кийлигишип, ал жөнүндө ар кандай ыплас сөздөрдү айтып ушак жүргүзүүгө болбойт;
4. Ар дайым жылуу мамиледе болуп,бири- бирине жардам берүү кызматында болуусу шарт.

5. Кемчиликтерин элдин көзүнчө эмес, өзүнө сунуш катары билдирүүсү зарыл;
6. Коллективде бири- биринин кадыр- баркын сактай билүүлөрү тийиш;

**Мугалимдин администрация менен өз ара мамилеси**

1. Мугалим администрациянын мүчөлөрүн жетекчи катары сыйлап, кадырлап туруусу шарт;
2. Администрациянын койгон талаптарын убагында аткарууну моюнга алуусу шарт;
3. Жетекчилер өзүнөн жашы боюнча кичүү болсо да, ага сый- урмат көрсөтүү менен мамиле кылуусу тийиш;
4. Сабырдуу, адамкерчиликтүү, акыл- эстүү мүнөздө кайрылууга тийиш;